Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Протокол №1 "1" 09 2021-ж

"Бекитемин"
Мектеп жетекчиси Иманалиева Л.М.
"1" 09 2021-ж

# Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин усулдук бирикменин жетекчисине коюлуучу квалификациялык талаптар

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчисинин жогорку кесиптик билими жанаөбилим берүү тутумунда иштеген эмгектин стажы 5 жылдан кем эмес болушу керек.

1.2. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчиси түздөн-түз мектеп директорунун орун басарына баш иет.

1.3. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчиси өзүнүн ишмердигине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алат.

## Функционалдык милдеттери

2.1. Бекитип берилген мугалимдер тобунун ишин уюштуруу, бул ишти жетектөө жана аткарылышын көзөмөлдөө.

Кызмат милдеттери

Мектептеги усулдук бирикменин жетекчиси төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

3.1. Талдайт:

- бекитип берилген мугалимдер тобунун усулдук ишин маселелерин жана натыйжаларын;
- катышкан сабактарынын жана башка түрлөрдөгү иштеринин формасын жана мазмунун.

3.2. Пландалган усулдук иштин натыйжасын божомолдойт;

3.3. Пландайт жана уюштурат:

- бекитип берилген педагогдордун утурумдук жана келечектеги ишин;

- зарыл усулдук документтерди иштеп чыгууну;

- программанын аткарылышы жана ага бекитилип берилген педагогдордун окуучуларынын билим даярдыгынын калыс бааланышына көзөмөлдөө;

- административдик текшерүү иштерин даярдап өткөрүүнү;

- бекитип берилген педагогдордун квалификациясын жана кесиптик чеберчилигин жогорулатууну.

Кызматы боюнча мамилелери жана байланыштары

5.1. Мугалимдер менен биргеликте УБ ишмердигин пландайт. Иш планы менен директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдаштырылат да, пландаган мезгилден тартып беш күндөн кечиктирилбей мектеп директору тарабынан бекитилет.

5.2. УБ жетекчиси төмөнкүлөр менен иштейт:

- Мекиептин педагогикалык жана усулдук кеңештери менен;

- Райондук УБ менен;

- Мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, класс жетекчилер, социалдык педагог менен.

5.3. Окуу жылы аяктагандан кийин беш күн ичинде директорунун окуу-тарбия боюнча орун басарына МБнин ишмердиги жөнүндө жазуу жүзүндө отчет берет.

5.4. Билим берүүчү уюмдун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынан ченемдик-укуктук жана уюштуруу усулдук мүнөздөгү маалыматтарды алат, тийиштүү документтер менен таанышат.

5.5. Өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча билим берүүчү уюмдун педагогикалык кызматкерлери, директорунун окуу -тарбия иштери боюнча орун басары менен дайыма маалымат алмашып турат.

Усулдук бирикменин жетекчиси өзүнүн компетенциясынын чегинде төмөнкүдөй укуктарга ээ.